**«Бекитемин»**
**Кыргыз Республикасынын Президентинин**
**Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратыны жетекчиси**
**Самидин уулу Сабыр**

_______________________________

**«_15_» _______05_______ 2024_-ж.**

# АКТ

**илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын иш жүзүнө ашыруу жөнүндө**

1. **Автору:** Шатманова Айжамал Суйналиевна – К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин аспиранты.

2. **Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн аталышы.**

"Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" аттуу темадагы 08.00.06. – "Улуттук жана региондук экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертация.

3. **Кыскача аннотация.** Илимий-изилдөөнүн максаты - региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн жыйынтыгында айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди; аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык

жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды; айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды; эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды; аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизмин иштелип чыкты; айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу учун айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды; аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты.

Изилдөөнүн жыйынтыктарын Ош облусунун жана башка региондордун айыл чарба тармагындагы атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатууну ишке ашырууда колдонсо болот.

**4. Иш жүзүнө ашыруунун натыйжасы.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарбасында анын продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча изилдөөлөрду жүргүзүү менен Шатманова Айжамалдын кандидаттык диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктар колдонулуп, төмөнкүлөр иш жүзүнө ашкандыгын күбөлөндүрөбүз:

1) региондо айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгун жогорулатуу үчүн анын уюштуруучулук-экономикалык механизми иштелип чыкты;

2) аймактын айыл-чарбасына инвестицияларды тартуу жана насыялоо аркылуу региондук дүн продуктусунун көлөмүн жогорулатуу үчүн математикалык-экономикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу Ош облусунун РДПнын 2030-жылга прогнозу жасалды;

3) айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;

**5. Иш жүзүнө ашыруунун орду жана убактысы.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппараты, 2024-жыл.

**6. Иш жүзүнө ашыруунун формасы.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын колдонуу Ош облусунун айыл чарба субъекттеринин стратегиялык жана өндүрүштүк пландарынын түзүлүшүнө, бухгалтердик ички эсеп-кысапты башкаруучулардын талабына ылайык жүргүзүлүшүнө, инвестициялык - инновациялык ишмердүүлүктөн алынган натыйжаларды так эсептеп анализдөөгө мүмкүндүк берди.

**КР Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Баймбетов Б.С.**

**КР Президентинин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын экономика жана регионду комплекстүү өнүктүрүү бөлүмүнүн агрардык өнүгүү секторунун башчысы Абдирашитов А.С.**